УДК 316.35

Н.С. АБДЫРАЕВА
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

# ЖАҢЫ ЗАМАНГА – ЖАҢЫЧА ПЕДАГОГИКАЛЫК ТАЛАП

*Макалада учурдагы билим берүү системасын өнүктүрүүнүн, андагы аткарылып жаткан иш-аракеттердин сапатын жакшыртуунун жолдору, билим берүүнүн сапатын жакшыртуудагы педагогиканын башкы маселелери каралган.*

*В статье рассмотрены современная система развития образовательного процесса, осуществляемые пути улучшения качества данной деятельности, основные педагогические задачи при преподавании.*

*In article are considered modern system of development of educational process, carried-out ways of improvement of quality of this activity, the main pedagogical objectives when teaching.*

XXI кылымда эгемен Кыргыз Республикасынын жарандары жаңы технологиялардын ар тараптуу өнүгүү шартында, билим жана маалыматтык технологиялардын, дүйнөлүк кубаттуу системалардын кеңири жана тездик менен өзгөрүп турган агымында өз жашоо-турмушубузду дүйнөлүк цивилизациядан артта калбай, өз заманыбызды жакшыртууну көздөп келебиз… Коомубуздун ар кыл тармактарын түркүн-түстүү өзгөрүүлөр, б.а. инновациялар менен камсыздап келүүдөбүз. Анткени заманыбыздын талаптарына жооп бергенге мезгил жетти, замандын талаптарына жараша өзүбүздү ыңгайлаштыруу шарт.

Ушундан улам өлкөбүздөгү приоретитеттүү багыттардардын бири болгон билим берүү системасы, аталган тармакта иштеген кадрлардын заман талабына жараша квалификациялык өзгөрүүлөргө алып келүү - бүгүнкү күндүн талабы.

Баарыбызга белгилүү болгондой азыр билим берүү системасы заманбап талаптарга ылайык өзгөрүүлөргө муктаж болуп келүүдө. Андыктан жөндөмдүүлүктөрү жогору болгон адистер менен бирге тажрыйба алмашуу шарттарын түзүп, ошону менен бир катар жаңы маалыматтык технологиялар менен толук камсыздоо менен иш алып барсак – биз заман талабына толук жооп берген болот элек.Тилекке каршы иш жүзүндө айрым иштер талапка жооп бербейт келүүдө. Жөнөкөй эле мисал – айыл жеринде мугалимдер айласыздан өзүнүн квалификациясына жараша сабак бербестен, башка сабактарды да берүүнү аркалап келүүдө. Мындай көрүнүштүн себеби баарыбызга маалым, себеби жаш адистер айлыктын аздыгынан коммерциялык иштерди аркалап, өз турмуш-шарттарын камсыз кылууну көздөп күн өткөрүшүүдө. Алардын квалификациялык кесипкөйлүгү көрүнүп турса да биринчи кезекте мамлекет тарабынан колдоо болбогондуктан жогоруда айтылган жол менен кетүүгө мажбур болууда.

Баарыбыз совет доорундагы билим берүүнү сындап келебиз, айрыкча жаш кадрларга совет доорунун билим берүүсү тууралуу сөз кылсаң, алардын кыжыры келип, айрым бир учурларда шылдын кылып, «Эмне эле совет доорундагы билимди мактап, алдыга жылгандын ордуна артка кадам шилтеп жатасыңар»,- деген сын-пикирди айтышат.

Келечектеги билим берүүнү жана анын шарттарын кескин өзгөртүү үчүн бизге жөн гана сөз эмес, кандайдыр бир сунуштай турган модель керек чыгаар. Андыктан биздин күндөрдө өзгөчө квалификациялуу адистерди даярдоону өркүндөтүүнүн жаңы жолдорунун бири катары кесипкөйлүк маселеси, жаш улан-кыздар келечек кесибин тандап алууда, келекчекте тандап алган адистигинин үзүрүн көрүп, жыйынтыгында татыктуу эмгек акы алуу менен өз керектөөсүн толук кандуу камсыдап, өз үй-бүлөсүнүн каражат маселесин оңой чече алса – бул баардык шарттар түзүлгөндүгүн айкындайт эле. Бул болсо өз кесибинин чебери катары инсан өзүн урматап, өз кесибин аздектеп, өсүп келе жаткан жаш муундарга өрнөк болот эле. Иш жүзүндө айрым биздин жарандар менен сүйлөшөң, чын дилден айтышат: –«Айласыздан эптеп иштеп жүрөм» деген окутуучу-мугалим же врачтын кебин укканда, үрөйүң учат.

Эгемен өлкө болгондон тартып –«эч ким, эч нерсе үчүн жооп бербейт», деген принцип өз кызматын аткарып келүүдө. Ар ким  өз билгенин жасоо менен бирдикте жоопкерчилик жокко чыгарылып, адамдык баалуулуктар четке чыгып калды. Мындай көрүнүштүн бир себеби – бул мамлекет тарабынан кепилдик берүү маселеси жокко чыгарылган. Дайым эле келген бийлик, өзгөргөн министрлик реформалоону баштадык деп айтышат да, ал  реформалоо айтылган сөз бойдон калууда. Ал  реформаны сезген, көрүп-билген деле киши жок. Тынымсыз тездик менен өзгөрүп турган заманыбызда биз кесипкөйлөрдү даярдоо шартын, ошону менен катар ошол кесип ээлерин татыктуу каржылоо жагын карасак жаман болбойт эле...

Өзүнүздөргө белгилүү болгондой  мындан бир нече мурун  айыл ичиндеги педагогикалык жамаатардын көйгөйлөрүнөн тартып шаардык педагогикалык жамаатардын биринчи көйгөйлөрү болгон социалдык коргоо, кепилдиктер (гарантиялар), каржылоо сунушу киргизилген. /1/ Убадалар берилди, жарым жыл, бир жыл күтүп, кийин сунуш кылган өтүнүчтөр өтүнүч бойдон ошол кагаз беттеринде кала берди. Эске салсак анда мындай сунуштар болду эле: Айтылып жүргөн айылдык жаш мугалимдердин депозити деген пилоттук долбоордун  бир тармагы катары - шаарда иштеген мугалимдерге  кичи үй-бүлөлүк жатаканаларды (совет доорундагы «малые семейные общежития») куруп берүү сунушу айтылган. (2008-ж. 20-ноябрда  КР БбжИ министри И.Болжурова менен болгон жолугушууда сунушталган). Себеби ай сайын батирде жашаган мугалим билим берүүнүн сапатын ойлойбу же үй-бүлөсүнүн, балдарынын каражатын ойлойбу. Баарыбыз билебиз, ай сайын төлөөнүүчү батир акысын ойлогондо, жаш адис тапкан эмек акысын төгүп берип, анысы аз келгенсип  карызга батат. Ушундан улам  мектептерде, окуу жайларда «коррупция» маселеси да  өзүнөн-өзү  чыга келет. Балким экзамен, зачетторду акча аркылуу тапшыруу ушундан улам чыккандыр.... Ушул жерден мугалимдин, окутуучунун тараза ташына  эки суроону коюп – жеке маданияты жана ыйманы бир жагына, каражат таппаса, кантип турмуш-тиричилиги  өтүп, үй-бүлөсүн багуу маселеси таразанын экинчи жагына коюлат. Азыр мындайча  көрүнүштү минтип түшүндүрүшөт:  айласыздан,  моюнум жар бербесе да ыйман жолун артка коюп, акча маселесин жогору коюуга туура келди деп. «Үмүткө тойбойт адамзат», деп ыр саптарында айтылгандай  биз  мугалимдер дагы да болсо  чоң үмүт менен жашап келебиз.

Билим берүүнүн  эрежеси тууралуу сөз кылсак – бүгүнкү күндө биз жөн гана маалыматтарды  берип, таанытып, үйрөткөндөн сырткары- алынган маалыматтарды өз алдынча серептөө, мурдагы тарыхый маалыматтар болсо аларды заманбап шарттарга салыштыруу менен өздөштүрүп, айкалыштыра билүүсү зарыл.

Бекериненен айтылбаса керек: «Басып өткөн  жолуңа  кайрылып назар салып, бүгүн жашап, эртеңкиге  кадам шылтоого кыйын болот...» */2/.* Салттуу сабак  өтүүдөн сырткары иш жүзүндө теорияны практика  менен айкалыштырып, жаңы колдонмолорду кеңири колдонуу керек. Заманбап технологиялардын жетишкендиктерин кеңири жайылтып колдонууну иш жүзүнө ашырууга мезгил жетти. Мисал катары -  биздин университеттин «Геодезия» адистиги боюнча Австриянын  каржылоосунун натыйжасында  атайын заманбап жабдуулар келген. Мындан сырткары  информатика жаатында адистерди, архитекторлорду даярдоодо алгылыктуу мисалдар  бар.Студенттер биринчи курстарда баштап эле техникалык тейлөөнүн жолдорун терең өздөштүрүшүп, жаңы программалар менен толук кандуу иш алып барышууда. Жыйынтыгында студенттер 2 курстан баштап эле  өз алдынча иштеп кетүүгө шарттар түзүлүүдө.

Кыскасы, биз  окутуп жаткан студенттер теориялык жактан билимдүү болбостон практика жүзүндө да өз билимин колдоно алса, биз ийгиликке жеткен болобуз.Бизге мындай студенттерди окутуу дагы  абдан ыңгайлуу. Ошол эле мезгилде  окутуучунун жоопкерчилиги да жогорулайт. Ишканалар, өндүрүштүрк бирикмелер, изилдөө институттар менен биргелешкен келишимдин негизинде иш алып барсак, бизге да жеңил болот.  КМКТАУнун «Колдонмо информатика жана математика»  адистигинде  окуган студентерге ушундай шарттар түзүлгөн.  КР  илимдер академисынын базасында лабораториялык класс ачылып иштеп жатса, ошол эле илимдер академиясынын  кызматкерлери биздин студенттерге өз тажрыйбаларын берүүдө.  Жыйынтыктап айтканда программа боюнча  бүгүнкү күндө  жөн гана 80 мүнөт аудиториялык  34 саат каралган болсо, анын 17  аудиторияда, 17 практика

менен айкалышып, окутуучунун квалификациясы да жогорулайт, ж.о.э.,студенттерге болгон талап да күчөйт. Дагы бир кошумчалап айта кетүүчү нерсе - окутуучу жеке эле предметтик сабак берүүдөн сырткары 5-10 мүнөт студенттер, мектеп окуучулары менен дүйнөдө болуп окуялар тууралуу сөз кылуу менен бирге ыймандуулуктуу өзгөчө белгилеп, акыл-насаат сөзүн айтып, турмуштагы мисалдарды келтирип, этиканын нормаларын айта кетсе ашыкча болбойт. Анткени заманбап өспүрүмдөрдүн, студенттердин адеп–ахлагы, ыйманы, күнүмдүк жүрүш-туруш маданияты эң төмөнкү деңгээлге жетти. Ошондуктан ардактуу кесиптештер, тарбиялык иштерди да өз убагында жүргүзүп, азда болсо жалпы этиканын нормаларын–жөнөкөй эле отуруу, кирүү, сүйлөө эрежерин үйрөтө жүрсөк жакшы болот эле. Анткени тарбия-окутуу иши чексиз процесс. Анысы деле элибизде жалпы улуттук идеология, ыйык тута турган асыл сапаттар жокко чыгып баратат.Биз, жаш жеткинчектерди тарбиялоордо, көз-карашы түптөлүп калган студенттерди тарбиялооодо алардын «адамдык сапатттарды» дайыма жогоргу, ыйык тутуп, биринчи кезекте алардын сырткы жүрүш-турушун, сырткы маданияты, кийген кийимине да көңүл буруу зарыл. Экинчиден, сүйлөө маданиятын - маек курганды, пикир алмашууну үйрөтүшүбүз керек. Себеби, дассыккан адис болуп туруп, бирок өз оюн толук кандуу түшүндүрүп бере албаса, анда биз максатыбызга жеткен болбойбуз. Мындан сырткары өзгөчө баса белгилеп кетүүчү нерсе, мурда коомдогу элдерди жумушчулар, айыл-чарба кызматкерлери жана интеллигенция деп бөлүп келишсе, ошол интеллигенция деңгээлине жетүүгө кандай гана кыйынчылыктар аркылуу жетип, эл оозунда абройго жетчү эле. Ошондой жогорку интеллгенциянынын баркын, абройун бүгүнкү күндө саясатчы же бизнесмен ээледи.Ал эми билим берүү кызматкерлеринин орду жокко чыккан сыяктуу. Ошондуктан, ошол эле саясатчыны, бизнесменди биз тарбиялап өстүргөнбүздү унутпаш үчүн алардын жүрөктөрүнө из калтырып, «окутуучу, мугалим» деген кесип ээлерине урмат-сый менен мамиле кылууларын биз өз эмгегибиз менен жаратышыбызга мезгил жетти. Көпчүлүк учурда биз өзүбүздү жетишкен Европалык модель жолуна салгыбыз келет. тескерисинче алар бизден өрнөк алгыдай кылып өз педагогикалык квалификациябызды заман талабына ылайык өзгөртүүбүз зарыл.

### ***Адабияттар тизмеси***

*1.*«Кут билим» гезити Б.2012, №2 (31). – 3 б

2. *Шоу Дж. Б.* Ойлор жана фрагменттер. – М.: 1931. -211б.